**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТОҢ РАЙОНУ ТӨРТ-КҮЛ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**ТОРТ-КУЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ**
**КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

# Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII-чакырылышынын XII сессиясынын № 4 токтому

**13-апрель 2023-жыл**

**Темир-Канат айылындагы мектептин эски имаратын бузуу жөнүндө.**

---

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”, Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” жана “Жергиликтүү кенештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамдарына ылайык жана Төрт-Күл айыл аймагынын Темир-Канат айылынын К.Тилеков атындагы орто мектебинин эски имаратын бузуу үчүн Төрт-Күл айыл аймагынын турмуш-тиричилик жактан тейлөө боюнча жетектөөчү адис Дакенов Байсеит Мусаевичтин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, айылдык Кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Төрт-Күл айыл аймагынын Темир-Канат айылынын К.Тилеков атындагы орто мектебинин эски имараты 09-март 2023-жыл Тоң райондук Жарандык коргонуу комиссиясынын кооптуу имаратты текшерүү АКТсы жана 15.02.2023-жыл Төрт-Күл айыл өкмөтүнүн дефектный актынын негизинде бузулсун.
2. Бул токтомдун аткарылышын Төрт-Күл айыл аймагынын турмуш-тиричилик жактан тейлөө боюнча жетектөөчү адис Дакенов Байсеит Мусаевичке милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Төрт-Күл айыл аймагынын башчысы Ж.Зарнаевге тапшырылсын.

**Айылдык Кеңешинин төрагасы** **М.Жунушалиев**

**Катчысы** **Г.Садырова**